Бекитемин

№90 толук эмес орто мектеби

Мектептин мудуру

Кулушева Д.С.

# 2020-2021- окуу жылына мектеп писхологунун отчету.

Мектеп психологунун негизги максаты окуу жана тарбия иштеринин сапатын жакшыртуу менен окуучулар жана ата-энелердин бири- бирине болгон мамилелерин бекемдөө,балдарды тарбиялоодо аларга психологиялык жардамдарды көрсөтүү. №90 толук эмес орто мектебинде көп улуттун балдары окушат,ошондуктан окуучулар жана ата-энелер арасында улут аралык конфликт болтурбоо максатында профилактикалык иш чаралар өткөрүлөт.

Окуу процесинде психологдун жардамына бардыгы эле муктаж, өзгөчөчо окуучуларга жеке өнүгүүлөрүндө келип чыккан ар кандай көйгөйлөрдү чечүүгө, оз ара мамилелерди жөнгө салуу же кесип тандоо, өз жөндөрүн же шыгын аныктоого мектеп психологунун жардамы керек.

Бул маселерди чечүү үчүн алар менен жекече же топтор менен тестирлөө, сурамжылоо – анкеталар,аңгемелешүүлөр жүргүзүлөт.

Ошондой эле окуучулар менен алардын ата-энелеринин же класс жетекчилеринин өтүнүчтөрүнүн негизинде белгилүү ар кандай ыкмалар: арт терапия, жомок терапия, тренингдер жана оюндар өткөрүлөт. Группалык же жекече психодиагностикалык жана психокоррекциялык- өнүктрүүчүлүк иштер аткарылат. Мектептин соцпедогогу жана тарбиялык иштер боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы жана мектеп психологу мененбирдикте түзүлгөн иш чаралардын негизинде окуучулардан “Эрте турмушка чыгууга көз карашың кандай?”,8-9-класстардан”Аял менен эркектин тең укутуулугун кандай түшүнөсүң?”, 6-7-класстардан “Зордук зомбулукка каршы турабыз”, “Балдардын укугу”, “Менин укугум жана милдеттерим”, “Наркотиксиз жашоо” , “Суицид” ж.б. темаларга сурамжылоо, тестирлөө жана эсселерди алдык окуучулардан.






2020-жылдын декабрь айында рейддерге чыктык”Мигрант”, “Уй-бүлө”, “Өспүрүм” деген темалардын алкагында. Ата -энелери башка жерде иштеп жүргөн окуучулардын жакын адамдары менен жолугуп, алардын жашоо шарттары менен таанышып, алрга карата жылуу мамиле жана окууга болгон мамилелери боюнча кеп-кеңештерди берип турдук.

Ал эми 2020-жылдын январь айында “Аралыктан окутуудагы жетишкендиктер жана кемчиликтер. Кемчиликтерди жоюунун жолдору” деген темада педколлектив арасында семинар өтүлдү. Мугалимдер 3 топко бөлүнүп: “Мугалимдер”, “Ата-энелер”, “окуучулар” болуп аралыктан окутуудагы кандай артыкчылыктар болду,же кандай кемчиликтер болду.

Ал кемчилитерди ким жоет, ал маселерди кантип чечебиз? -деген суроолорго ата-энелерге,окуучуларга жана мугалимдерге сунуштар, кеп кеңештер берилди. Аягында “Коряга “ деген психокоррекциялык жомок менен жыйынтыкталды.

Экинчи жарым жылдыктан кийин окуучулар оффлайн режимине өтө башташты. Демек,мектепке келген окуучулар,ата-энелер менен бир аз иштер жүрө баштады.

5а,в класстарынын окуучуларынан 5-класска көнүү- адаптация боюнча сүрөттүү тесттерди алдым. Окууга болгон кызыгуулары,онлайн режим убагында болгон кыйынчылыктарды жеңүү ж.б. жөнүндө психокоррекциялык иштерди аткардым.

Балдардын абдан эле кыйналып,ал тургай үй-бүлө мүчөлөрүнөн зордук-зомбулукка кабылып,жабыр тарткандары жөнүндө жаап-жашырбай эле арызданышты.

Апрель айында 9а,в.класстарынын окуучулары менен кесип тандоо багытында сүйлөөшүлөр жүргүзүлдү анкетелар алынды “Мен келечекте ким болгум келет” темасына  эсселерди алдым. Сүйлөшүү учурунда

окуучуларыбыздын турмушка, жашоого,келечекке болгон көзкараштары анча жакшы эмес,ойлорун толук билдире алышпайт,сүйлөө речтери начар, жазуу иштери начар, ал тургай баракты туура пайдалана, жаза алышпагандарын көрүп аябай капа болдум.

Ошондой болсо да, аларга жошоону сүйүүгө, алдыга умтулууга, келечекке максат кое билүүнү,китепти көп окуп, билимдүү болууларына мотивация- шыктандыруу сыяктуу кеп-кеңештерди бердим.

Мындан сырткары класс жетекчилердин өтүнүчтөрү боюнча айрым окуучулар менен жекече иштер аткарылды. Алар: Муратова Биназир 7акл, Султанбеков Адилет :в кл.,Болотбеков Кутман 6в кл, Акматалиев Ралис 3в кл, Давид 1а кл, Алдосов Ынтымак 5в.кл. ж.б.

Мындан сырткары башталгыч класстардын окуучуларынын окуу процесстерине көңүү, алардын окууга болгон кызыгууларына байкоолор жүргүзүлөт, окуу жылынын аягында 4-класстардан “Мен 5-класстан эмнени күтөм?” деген тема менен комплекстүү чоң багытта иштер аткарылып, педогогикалык кеңешмеде талкуулар болду.

Класс жетекчилерге сунуштар:

• Ар бир баланын кулк мүнөзүнө, жашоо шартына жараша индивидуалдуу мамиле жасоо;

• Ата-энелери менен тыкыз байланышта болуп,баланын өнүгүүсүнө, сабаттуулугун өркүндөтүүгө конкреттүү иш чараларды иштеп чыгып, ошого жараша иштерди алып баруу;

•Ата-энелер чогулуштарында балдардын өнүгүүсү, сабаттуулугу, адабий-көркөм чыгармаларды окуусуна, таалим-тарбия, адеп-ахлакка, өздөрүн туура алып жүрүү маданиятына байланышкан темаларды камтып,талкулоо,үлгүлүү үй-бүлөөлордүн тажрыйбаларын сунуштоо ж.б. колго алынсын;

• Ата-энелерди мектеп администрациясы, соц.педогог,УВР,психолог менен тыкыз байланышта болуп, жакындан иштешүүгө чакыруу, мамилелерди калыптандыруу;

• Жоолук салынган окуучулар жана алардын ата-энелери менен кылдаттык сүйлөөшүүлөрдү жүргузүү керек;

• Класс жетекчилер китепкана менен байланышта болуп окурман окуучулар үчүн китептерди алып берип,жайында окуп,күзүндө мектепке келгенде,окуган чыгармаларын талкуулап,көп китеп окуган окуучуларды кубаттап, ата-энесине ыраазычылык каттарды тапшырып, ата-энелерди дагы тартуу ж.б.

• Преемственность боюнча мугалимдер,кл.жетекчилер 4-класс 5-класска келгенде сабактарына кирип, жардам берүү керек.

Психолог Абдыкеримова М.С.